*Суранова Н.Р.*
*Ошский Технологический Университет*

# КӨНҮГҮҮ ҮЧҮН АЛЫНГАН ТЕКСТ

# ТЕКСТ ДЛЯ УПРАЖНЕНИЙ

***Аннотация:*** *Кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминде кыргыз тили сабактарында көнүгүү үчүн алынган тексттер.*

Адам өмүрүнө өзөк болгон эки нерсе бар. Бири – аба, экинчиси – азык. Аба – адамдын жанын, азык анын канын сактайт. Адам алгач аларды кан аркылуу алат. Ал адамга керектүү бардык азык-заттарды камсыз кылып турат. Кан менен жандын тазалыгы – адам өмүрүнүн узак, бакубат болушунун өбөлгөсү.

Азык – табият тартуулаган насип десек, тамак – адам аракетинин үзүрү, азыктын бышкан түрү. Адамзат алгач өсүмдүктүн тамыры, өзөгү, мөмөсү менен тамактанып, бара-бара жаныбарларды колго үйрөтүп, «мал» деп атаган. Аларды багып, терисин, жүнүн, сүтүн, этин иштетүүнү үйрөнгөн. Адепки колго үйрөтүлүп, үйгө элибиз «төрт түлүк» деп атаган.

Элибиз байыртадан эле малдын эти аркылуу адамга өсүмдүктөгү гана эмес, топурактагы, суудагы, абадагы керектүү азык заттар да өтө тургандыгын белгилешкен.

Ата-бабаларыбыз ар дайым өрүшү салкын, малга жай, өрөөнү кенен, данга бай жерди мекендеп, мал багуунун сырын гана өздөштүрбөй, андан жанга да, канга да жагымдуу азык заттарды өндүрүүнүн жолдорун да, алардан аш болумдуу тамак-ашты жасоонун, аны пайдалануунун, сактоонуунун ыктарын да чебер өздөштүргөн. Бара-бара бүгүнкү күндөргө чейин жеткен тамак-аш маданиятынын өзүнчө бир зор дүйнөсү жаралган.

Мал союу – бул кыргыздардын эзелтен келе жаткан төл кесиби, эл турмушун уюштуруунун, элдик өнөрдүн эң бийик үлгүлөрүнүн бири. Ардактуу конокко атап мал союу – салт, аксакалга баш тартуу – адат, баштын бир кулагын кесип коюу – ырым, куйкумдан ооз тийгизүү – каада ж.б.

Ар бир элдин өз салты, өз наркы бар. Кыргыздардын ата салтында атап мал берүү, атайын мал асыроо сыяктуу, арнап сары май куюу, боорсок жасап, дасторкон жаюу дегендей жөрөлгөлөр бар. Алардын башкы маңызы – жашоонун ыракатын салтанаттоо. Ар бир каада-салт, үрп-адат, жөрөлгө элдин акыл-эстүү, тарыхый-маданий түшүнүгүнө байланып, сакталып, жашап турат. Айталы, үйгө кадырлуу конок келгенде атайын ылайыктуу семиз мал тандалат. Андан соң багыттылып малга бата тилөөдөн тартып, малды союу, казан асуу, эт бышыруу сыяктуу тамак-аш даярдоо маданиятынын өзүнчө бир салттуу, нарктуу улуттук жөрөлгөлөрү аткарылат. Бул жөрөлгөлөр жыйылып отуруп, адептик жүрүм-турум маданиятын калыптандырат.

Сабыр Иптар уулу

Берилген текст боюнча көнүгүүлөрдү иштөөнү кыргыз тилин окутуунун мазмунун көрсөткөн компетенциялар боюнча жүргүзүүнү сунуш кылабыз.

Биринчи, окуучулардын тилдик-лингвистикалык компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган көнүгүү иштери.

1. Фонетикалык-орфографиялык компетенттүүлүккө карата (Эскертүү: текст менен иштөө көнүгүүлөрдү кайсы гана компетенцияга багытталбасын, адегенде текст окулууга тийиш. Андан соң текст боюнча мазмунун айтып берүү, суроо-жооптор, корутундулар чыгарылып, конкреттүү компетенциялар боюнча көнүгүү иштери жүргүзүлүш шарт).

Тапшырмалар:

– Текстти үн чыгарып, көркөм окуу;

– Тексттин мазмунун өз сөзү менен айтып берүү;

– созулма үндүү тыбыштар катышкан сөздөрдү таап, маанисин чечмелеп берүү;

– каткалаң үнсүз тыбыштардын жумуштарын кеткен сөздөрдү тексттен табуу (тазалык + ы – тазалыгы, узак + ыраак – узагыраак; кулак + ы – кулагы ж.б.);

– йоттошкон тамгалар катышкан сөздөрдү табуу;

– татаал сөздөрдүн жазылышына мисалдарды табу;

– сызыкча, дефис белгилеринин коюулушун түшүндүрүү;

– э тамгасынын жазылыш түрлөрүн таап, түшүндүрүп берүү;

– үндөштүк мыйзамынын сакталышына көңүл буру, түшүндүрүп берүү;

– каткалаң үнсүз тыбыштардын эки жолу жазылышынан (коноkко, салтанаттоо) мисал келтирип, чечмелеп, түшүндүрүү ж.б.

2. Лексикалык компетенттүүлүктү жакшыртууга карата:

– текстти үн чыгарып, көркөм окуу;

– тексттин мазмунун өз сөзү менен айтып берүү;

– ар бир окуучу тексттеги өзүнө түшүнүксүз болгон сөздү дептерине жазып, анын маанисин коллективде талкуулап, аныктоосу;

– тексттеги «бакубат», «насип», «үзүрү», «өрүшү», «өрөөн», «өнөр», «салт», «адат, «арым», «ырым», «каада», «нарк», «маңыз» ж.б. сөздөрдүн маанисин сөздүктөрдү пайдалануу менен таап жазуу (бул үйгө тапшырма катары да берилсе болот);

– «аба» сөзүнүн омонимдери (аба –газ, аба – байке, аба ырайы);

– «азык», «конок» сөздөрүнүн синонимдерин табуу;

– төрт түлүк малдын аталыштарын (ургаачы-эркек, жашы, өңү ж.б.) санап берүү;

– кыргыздын улуттук тамак-аштарын атап берүү;

– айрым тамактардын даярдалышын түшүндүрүү;

– ат жабдыктарын айтып, түшүндүрүү;

– белгилүү жайлоолордун атын атоо;

– тексттеги «сары май куюу» түшүнүгүн чечмелеп берүү;

– эт менен жасалуучу тамак-аштарды атоо;

– сүт азыктарын атап берүү;

– «жашоонун ыракаты» деген эмне? Чакан талкуу уюштуруу;

– эт бышыруунун жол-жоболорун түшүндүрүү;

– кайсы устукан кимге тартыла турганын түшүндүрүү;

– «Аба – адамдын жаны, азык – анын каны» дегенге ким кандай карайт, ким кандай түшүнөт? Чакан талкуу;

– «бата тилөө» деген эмне?

– «адептик жүрүм-турум маданияты» деп эмнени түшүнүүгө болот?

– тексттин өзөк маанисин түзгөн сөздөрдү, сүйлөмдөрдү аныктоо (Адамдын өмүрүнө өзөк болгон эки нерсе, Аба – адамдын жаны, азык – анын каны, мал, малдын эти, мал союу ж.б.);

– «Кыргыздын конок тосуу жөрөлгөлөрү» деген темада өз алдынча текст түзүү ж.б.

Экинчи коммуникативдик компетенцияны өркүндөтүүгө карата иштелүүчү көнүгүүлөр:

– текст үн чыгарып, көркөм окулат;

– тексттин мазмунун өз сөзү менен айтып берүү;

– тексттеги орчундуу мааниге ээ болгон бөлүктөрдү табуу;

– текстке ат коюу;

– тексттин негизин оюн аныктоо;

– тексттеги негизги ойду камтыган сүйлөмдөрдү таап, көчүрүп жазуу;

– конокко чакырууда колдонулган сөз, сүйлөмдөрдү (чай ичип кетиңиз, мейман болуп кетиңиздер, тамак ичиңиздер) келтирип, чечмелеп берүү;

– кыргыздын каада-салт, үрп-адаттары, жөрөлгөлөрү боюнча талкуу уюштуруу;

– тексттеги «тамак-аш маданияты» деген түшүндүрмө берүү;

– эмне үчүн кыргыздарда «эт бердим» деп айтпай, «эт тарттым» деп айтылат? Маанисин чечмелөө;

– «Кыргыз тамак-аштары» деген темада баяндоо тибиндеги текст түзүү;

– тексттин негизинде кыргыз каада-салттары боюнча суроо-жооп уюштуруу ж.б.

үчүнчү маданият таануучулук компетенциянын өркүндөтүүгө карата:

– кыргыз эли мал жандуу келет. «Мал багууга да маданият керекпи?» деген суроо боюнча, тексттин негизинде, талкуу уюштуруу;

– эмне үчүн кыргыздарда «атты башка чаппа», «мал короого даарат ушатпа», «ат сыйлаган жөө калбайт» деп айтылат? Маанилерин чечмелөө;

– тексттин негизинде конок күтүү маданияты боюнча аңгеме куруу;

– чай сунуунун, эт тартуунун маданияты тууралуу пикир алышуу;

– конок күтүү, конокту сыйлоо учурунда колдонулган сөздөрдүн сөздүгүн түзүү;

– конок күтүүдөгү кеп маданияты тууралуу ой бөлүшүү;

– конок күтүүдөгү жүрүм-турум маданияты тууралуу аңгемелешүү;

– «Конок күтүүнүн маданияты» деген темада дилбаян жазуу;

– конок болуунун, дасторкондо отуруп, тамак ичүүнүн маданияты тууралуу ой бөлүшүү;

– конок күтүү, той берүүлөрдө соңку мезгилдерде пайда болгон жөрөлгөлөр тууралуу талкуу уюштуруу ж.б.

Булардан сырткары кыргыз тилинин морфология жана синтаксис бөлүмдөрү боюнча да берилген текст менен бир катар көнүгүүлөрдү иштетүүгө болот [1]. Мисалы, тексттеги сүйлөмдөргө морфологиялык, синтаксистик талдоолорду жүргүзүү, сөз жасоонун жолдору жана түрлөрү боюнча тексттен мисалдарды табуу, сүйлөмдөрдү кайра түзүү ж.б.у.с. көнүгүүлөрдү жүргүзүүгө болот.

Текст менен иштөөдө сунуш кылынган көнүгүү-машыгуу иштери, негизинен, продуктивдүү көнүгүүлөр тобуна кирет. Мындай көнүгүүлөр окуучунун өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө басым коюу менен текстти окуп-үйрөнүүгө багытталат. «Продуктивдүү көнүгүүлөрдү иштетүүнүн негизги өзгөчөлүгү, окуучулардын чыгармачылыгын, ойлоосун, кеп ишмердигин өркүндөтүүгө өбөлгө түзүп, ар бир окуучунун өз

алдынча иштөөсү үчүн шарт түзө алышы менен түшүндүрүлөт» [2]. Эгерде окуучу текст боюнча продуктивдүү көнүгүүлөрдү аткарууга машыгып, аларды мыкты иштөөгө жетише алса, ал окуучулар өз алдынча текст түзүүдө кыйналышпайт. Албетте текст менен иштелүүчү көнүгүүлөр жогоркулар менен чектелбейт. Ал окутуучунун, мугалимдин чыгармачылыгына, сабакка койгон максатына жараша ар түрдүүлүккө ээ болот жана түрдүү болушу шарт.

Текст боюнча көнүгүү-машыгуу иш-аракеттери кептин эки формасында, оозеки жана жазуу формасында жүргүзүлүшү талап кылынат. Сабактын максаты менен мазмунуна ылайык көнүгүүнүн оозеки же жазуу формасында тандалып алынат. Ошол эле учурда алардын бирине артыкчылык берүү туура эмес. Көпчүлүк учурда практикада, кыргыз тилин октуу процессинде көнүгүү иштетүүнү анын жазуу формасына гана көңүл бурулуп келет. Мындай мамилени өзгөртүү керек деп ойлойбуз. «Көнүгүү жумуштарынын оозеки түрү кыргыз тили сабактарында дайыма колдонулушу зарыл деп эсептейбиз. Мында окуучулардын ой жүгүртүүсү, логикасы, таанып-билүүсү, өз оюн так, жеткиликтүү, алгылыктуу бере алышы, тил байлыгын колдонулушу, интоннация, басым, паузанын коюлушу менен бирге эле сүйлөшүү маданияты, сүйлөөнүн стилдик жабдылышы сыяктуу олуттуу маселелер калыптанат, өздөштүрүлөт жана өркүндөтүлөт» [3]. Демек, текст менен иштелүүчү оозеки көнүгүү иштери да өзүнчө бир катар дидактикалык милдеттерди аткарып, кыргыз тилин окутуп-үйрөтүүнүн мазмундук негизин түзүүгө тийиш деген тыянак чыгаруу болот.

**Адабияттар:**


1. Гапаров С. Кыргыз макал, лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү. Ф.: Мектеп, 1979. – 140 б.
2. Чыманов Ж.А. Кыргыз тили: Сабактын теориясы жана практикасы. – Б., 2007. – 104 б.
3. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Б.: «Тулпар», 2009.433- 435-бб.